**Москва жана бүтүндөй Орус патриархы КИРИЛЛДИН архипастырларга, пастырларга, диакондорго, монахчылык кылгандарга жана Орус Православ Чиркөөсүнүн бардык ишенимдүү балдарына Рождество кайрылуусу**

*Кудайдын бар болгон сүйүүсү Кудай Өзүнүн Жалгыз Уулу аркылуу биз жашоо алышыбыз үчүн, аны дүйнөгө жөнөткөндүгүндө ачылган.*
(1 Ин. 4, 9)

**Ардактуу архипастырлар, урматтуу аталар, иноктор жана инокиндер, кымбаттуу ага-инилер жана эже-сиңдилер!**

Кудайдын Уулунун келбети менен пайда болгондугу жөнүндө кубанычка толгон чын жүрөгүмдөн, сиздердин баарыңыздарга кайрылам жана Кудайдын Рождество жана биздин Иисус Христтин Куткаруу улуу жана ыйык майрамы менен куттуктайм.

*«Жараткан Кудайга урмат жана дүйнөгө тынчтык, адамдарга ырайым кылуу!»* (Лк. 2, 14).

Жылдан жылга Куткаруучунун бизге карата кечиримдүүлүгүн урматтоо менен, биз Periштеден *«бардык адамдарга бериле турган улуу кубаныч»* тууралуу уккан Вифлеем койчусу сыяктуу (Лк. 2, 10), улуу пайгамбарлар айтып кеткен Бирөөнүн келишин жана көпчүлүк эркектер жана аялдар күткөн, Мессияны руханий очогубуз менен көрүүгө шашабыз.

Аггей пайгамбарынын сөзү боюнча, *бүтүндөй эл Каалаган ал* (Агг. 2, 7) *адам өңдүү болуп, кулдун кейибин кийип, Өзүн Өзү жок кылат* (Флп. 2, 7). Алаамдын Ээси өзүнө императордук сарайды, бүтүндөй ааламдын эгедеринин турак жайын, байлардын жана бардарлардын заңгыраган сарайын тандабайт. Ага мейманканадан дагы орун табылбайт. Кудайдын уулу мал багуучу үңкүрдө төрөлөт, Анын бешиги катары малды тоюндуруу үчүн колдонулуучу акыр кызмат кылат.

*Үңкүрдөн жаман эмне бар жана Кудай байлыгын сепкен жапкычтан момун эмне бар?* Бизди куткаруу үчүн Сырдуулук үчүн *акыркы жакырчылыкты* тандап (майрамдын ипакои), Христос биздин дүйнөдө абдан маанилүү деп эсептеген баалуулуктарды: бийликти, байлыкты, даңкты, белдүү текти жана социалдык статусту атайлап кабыл албайт. Ал бизге жашоонун башкача мыйзамын, текебердикти жана жамандыкты жеңе турган, момундук жана сүйүү мыйзамын сунуштайт. Бул мыйзам боюнча Кудайдын жакшылыгы менен бириктирилген, адамдын алсыздыгы бүтүндөй дүйнөдө ээлик кылган бийликке жана кубаттуулукка каршы тура албаган күч болуп калат. Жараткандын күчү өзүнүн ааламдагы кеңдигинде жана дүйнө бакубатчылыгында эмес, жөнөкөйлүктө жана жүрөктүн момундугунда болуп саналат.

Серафим Сарвоскийдин айтуусу боюнча, *«Жараткан Кудайга карата сүйүүгө толгон жүрөктөрдү, жана ага жакындарды издейт, - мына бул ал отурууну каалаган так... "Уулум, сен жүрөгүңдү Мага бересиңби, - деп айтат Ал, - ал эми калганын Мен Сага берем", адамзаттын жүрөгүндө Кудайдын Өкүмдүгү жуурулушсун»* (Христиан жашоосунун максаттары жөнүндө маек). Жараткан жакырларды жана үй-жайсыздарды жээрибейт, акчасы аздарды жана беделдүү жумушу жокторду жектебейт, Ал дене бойлук кемчиликтери же катуу оорулуу адамдарды көз жаздымда калтырбайт. Мунун баары адамды Кудайга жакындатпайт жана алыстатпайт, ошондуктан аны кайгыга кабылтып же жаман иштин себеби болуп калбашы керек. Куткаруучу бизди өзү издейт. *Уулум менин! Кызым менин! Мага жүрөгүңдү бер,* – деп чакырат Ал (Притч. 23, 26).

Рождество майрамы бизге *биз жашоого ээ болушубуз үчүн келген* (Ин. 10, 10), жана Өзү чыныгы жашоодо жападан жалгыз туура жол жана анык чындык болуп саналган (Ин. 14, 6) Христин артынан кылчактоосуз түшүү зарылчылыгы жөнүндө эскертет. Биз менен Кудай бирге болгондо, бизди жолдо кездешүүчү кыйынчылыктар коркутпайт, бизди маңдайыбызга жазган сыноолор сындырбайт! Кудай биз менен болгондо, жана биз жан дүйнө тынчтыгына жана кубанычка ээ болобуз. Кудай биз менен болгондо, биз Ага катуу ишеним менен өзүбүздүн жердеги сапарыбызды жасайбыз.

Христтин артынан түшүү менен, адам дүйнөнүн апааттарына каршы барат. Ал жолдо кездешүүчү азгырыктарга моюн сунбайт жана бул жолдо турган күнөө тоскоолдуктарын чечкиндүү бузат. Анткени дал ошол күнөө бизди Кудайдан алыстатат жана биздин жашоону чындап ачуу кылат. Дал ошол күнөө Кудайдын сүйүүсүнүн жарыгын туңарыктатып, бизди ар кандай кырсыктарга түртөт жана башка адамдарга карата биздин жүрөктү таш кылат. Күнөө бизге Чиркөө аркылуу бериле турган, Ыйык Рухту урматтоо менен гана жеңилет. Жарататкандын күчү биздин ички дүйнөнү өзгөртөт жана Жараткандын калоосу менен тышкы дүйнөнү өзгөртүүгө жардам берет. Ошондуктан тигил же бул жол менен Чиркөөдөн алыстагандар, куурап калган дарак сыяктуу жакшы иш жасоо жөндөмдүүлүгүн жоготот.

Бүгүн мен Украинанын жашоочуларына өзгөчө кайрылгым келет. Украина жеринде пайда болгон өз тууганын өлтүрүүчү каршылык чиркөө балдарынын жүрөгүнө жек көрүүчүлүктү себип, аларды бөлбөшү керек. Чыныгы христианин жакынын дагы, бөтөн адамдарды дагы жек көрө албайт. *«Силер уктуңарбы,* – деп кайрылат Жараткан ага каршы тургандарга, – *эмне деп айтылган: өзүндүн жакыныңды сүй жана өзүңдүң душманыңды жек көр. Ал эми Мен силерге айтам: душманыңарды сүйгүлө, ... Жараткандын уулу болуңуздар, Ал Өзүнүн күнүнө каардуу жана боорукер адамдардын үстүнөн чыгууну буйрук кылат»* (Мф. 5, 43-45). Куткаруучунун бул сөздөрү баарыбыз үчүн жашоодогу жол көрсөткүч болсун жана жамандык жана башкаларды жек көрүүчүлүк биздин жан дүйнөбүздөн орун албасын.

Көп улуттуу Орус Православ Чиркөөсүнүн бардык балдарын Украинадагы кастыктын тез арада толук токтошу жөнүндө, согуш адамдарга келтирген денедеги, ошондой эле жан дүйнө жаракаттарынын айыгуусу жөнүндө сыйынууга чакырам. Храмда дагы, үйдө дагы бул тууралуу Кудайдан чын дилден сураналы, ошондой эле биздин өлкөдөн алыста жашаган жана куралдуу жаңжалдардан жабыркаган христиандар жөнүндө дагы сыйыналы.

Бул Рождество түнүндө жана кийинки ыйык күндөрү адамдар үчүн Өзүнүн дүйнөгө кайра келүүсүн эрк кылган, биздин Куткаруучуну жана Жаратканды мактайбыз жана урматтайбыз. Библия сыйкырлары өңдүү, Кудайдын уулу Христке өз белектерибизди алып келебиз: алтындын ордуна – биздин чыныгы сүйүүбүз, ладандын ордуна дуба кылуу, смирнанын ордуна – жакындарыбызга жана башка адамдарга боорукер жана кайрымдуу мамиле кылуу.

Дагы бир жолу сиздерди, кымбаттууларым, Рождество ыйык майрамы менен, ошондой эле кирип келген Жаңы жыл менен куттуктайм, баарыңыздарга Улуу Жараткан Иисустан боорукердик жана кайрымдуулук каалайм. Аминь.

**МОСКВА ЖАНА БҮТҮНДӨЙ ОРУС ПАТРИАРХЫ**

*Рождество Христово,*
*2015/2016-ж.,*
*Москва ш.*